КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

10. 01. 2023 г. № 31/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

## Кыргыз Республикасынын аймагында тыюу салынган кумар оюндарына окуучуларды жана студенттерди тартуу боюнча мыйзамсыз иштердин алдын алуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 23-декабрындагы ПЖ № 404 "Кумар оюндарын уюштуруу жана өткөрүү боюнча мыйзамсыз ишке бөгөт коюу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын аткаруу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Кыргыз Республикасынын аймагында тыюу салынган кумар оюндарына окуучуларды жана студенттерди тартуу боюнча мыйзамсыз иштердин алдын алуу жөнүндө Иш-чаралар планы (мындан ары - План) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Жогорку, орто жана башталгыч кесиптик окуу жайлардын жетекчилери, Бишкек шаарынын мэриясынын жана Ош шаардык билим берүү башкармалыктарынын, райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрүнүн башчылары, Кыргыз билим берүү академиясы (Н.К. Дюшеева) жана Республикалык илимий усулдук борбору (А.Д. Карабаев):

- жеке жоопкерчилик менен Планды ишке ашыруу боюнча зарыл чараларды белгиленген тартипте көрүшсүн;
- окуучулардын, студенттердин жана алардын ата-энелери арасында Кыргыз Республикасынын аймагында тыюу салынган кумар оюндарына окуучуларды, өспүрүмдөрдү жана жашы жете электерди тартуу боюнча мыйзамсыз иштердин алдын алуу, кумар оюндарынын зыяндуулугу жөнүндө түшүндүрүү иштерин туруктуу негизде жүргүзүшсүн;
- Пландын аткарылышы боюнча отчеттук маалыматты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын биринен кечиктирбестен берип турушсун (эл. дарек: erjigit.ibraimov@edu.gov.kg).

3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Жалпы маалымат каражаттары менен иштөө бөлүмү (Н.К. Мырзабеков) кумар оюндарынын зыяндуулугу жөнүндө социалдык роликтерди тартып, аларды жалпы маалымат каражаттарында, социалдык тармактарда жайылтуу боюнча иштерди жүргүзсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Тарбия иштери боюнча сектору (Э.М. Ибраимов) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 23-декабрындагы ПЖ № 404 "Кумар оюндарын уюштуруу жана өткөрүү боюнча мыйзамсыз ишке бөгөт коюу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгын аткаруу боюнча маалыматты квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын бешинен кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине жиберип турсун.

5. "Кут билим" медиа борбору (К.А. Чекиров) ушул буйрукту "Кут Билим" газетасына жарыяласын.

6. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басарлары Т.А. Ашымбаевага жана Абазбек уулу Расулга жүктөлсүн.

**Министр** **У.Э. Мамбетакунов**

КАНЦЕЛЯРИЯ

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлигинин
2023-жылдын 10-января № 31/1
буйругуна тиркеме

**Кыргыз Республикасынын аймагында тыюу салынган кумар оюндарына окуучуларды жана студенттерди тартуу боюнча мыйзамсыз иштердин алдын алуу жөнүндө**
**Иш-чаралар планы**

| № | Иш-чаранын аталышы | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Компьютердик, автоматтык кумар оюндардын зыяндуулугу, кумар оюндарына көз карандылыкты алдын алуу боюнча класстык сааттардын жана класстан тышкаркы иш-чаралардын иштелмелерин даярдоо | Январь, февраль 2023-жыл | ЖОЖдор, ОКОЖ, КЛ, мектептер, КББА, РИУБ |
| 2 | Кумар оюндарга көз карандылыктын алдын алуу, сергек жашоону жайылтуу боюнча КББА, РИУБ иштеп чыккан усулдук материалдарды окуу жайлардын маалыматтык такталарына жана Интернет-сайттарына, социалдык баракчаларына жайгаштыруу | Февраль 2023-жыл | ЖОЖдор, ОКОЖ, КЛ, РайБББ, ШаарБББжБ, мектептер, КББА, РИУБ |
| 3 | Кумар оюндарга көз карандылыкты алдын алуу боюнча тегерек столдорду, аңгемелешүүлөрдү, дискуссияларды, класстык сааттарды, лекцияларды өткөрүү | Окуу жыл ичинде | ЖОЖдор, ОКОЖ, КЛ, РайБББ, ШаарБББжБ, мектептер, КББА, РИУБ |
| 4 | Кумар оюндарга тартылуунун тобокелчиликтери жана терс социалдык кесепеттери, анын өнүгүү коркунучу жөнүндө көрсөтмө материалдарды (буклеттерди, баракчаларды, инфографикаларды) окуучулар жана студенттер арасында таратуу | Окуу жыл ичинде | ЖОЖдор, ОКОЖ, КЛ, РайБББ, ШаарБББжБ, мектептер, КББА, РИУБ |
| 5 | Кумар оюндарга көз карандылыкты алдын алуу боюнча окуу жайларда атайын бурчтарды уюштуруу | Март, апрель 2023-жыл | ЖОЖдор, ОКОЖ, КЛ, РайБББ, ШаарБББжБ, мектептер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 6 | Кумар оюндарга көз карандылык көйгөйү боюнча презентацияларды көрсөтүү жана талкуулоо | Май 2023-жыл | ЖОЖдор, ОКОЖ, КЛ, РайБББ, ШаарБББжБ, мектептер |
| 7 | Кумар оюндарга көз карандылыкты алдын алуу боюнча сүрөт конкурстарын, флешмобдорду уюштуруу, видеороликтерди тартуу | Окуу жыл ичинде | ЖОЖдор, ОКОЖ, КЛ, РайБББ, ШаарБББжБ, мектептер |
| 8 | Кумар оюндарга көз карандылыкты алдын алуу боюнча жасалып жаткан иштер боюнча жалпы маалымат каражаттарына маалымат берүү | Квартал сайын | ЖОЖдор, ОКОЖ, КЛ, РайБББ, ШаарБББжБ, мектептер |
| 9 | Компьютердик, автоматтык кумар оюндарга берилген балдарды эрте аныктоо максатында алдын алуу боюнча окуучулар, студенттер менен жекече сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү | Окуу жыл ичинде | ЖОЖдор, ОКОЖ, КЛ, РайБББ, ШаарБББжБ, мектептер |
| 10 | Ата-энелер чогулуштарында кумар оюндарга көз карандылыктын алдын алуу, компьютердик оюндардын балдардын ден соолугуна тийгизген терс таасири боюнча маселелерин талкуулоо | Окуу жыл ичинде | ЖОЖдор, ОКОЖ, КЛ, РайБББ, ШаарБББжБ, мектептер |
| 11 | Сергек жашоонун артыкчылыктарын жана кумар оюндарынын терс таасирин окуучуларга жана студенттерге дене тарбия, спорттук-массалык, ден соолукту чыңдоо иш-чараларын уюштуруу аркылуу жеткирүү | Окуу жыл ичинде | ЖОЖдор, ОКОЖ, КЛ, РайБББ, ШаарБББжБ, мектептер |

**Кыскартуулардын тизмеси:**

- КББА - Кыргыз билим берүү академиясы;
- РИУБ - Республикалык илимий усулдук борбор;
- ШаарБББжБ - Шаардык билим берүү башкармалыктар жана бөлүмдөр;
- ЖОЖдор - Жогорку окуу жайлар;
- ОКОЖ - Орто кесиптик окуу жайлар;
- КЛ - Кесиптик лицейлер.